№8
(3561)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2024-жылдын
30-январы

www.erkin-too.kg

КР Министрлер Кабинетинин
Төрагасы Акылбек ЖАПАРОВ:

## "ӨЛКӨНҮН ИДПсы 1 ТРИЛЛИОН 228 МИЛЛИАРД 900 МИЛЛИОН СОМДУ ТҮЗҮП, ТАРЫХЫЙ ЭТАПТАН ӨТТҮ"



2-бетте

ИШ-ЖУМА
www.erkin-too.kg

# Кыргыз-казак ынтымагы түбөлүк

Президент Садыр Жапаров Казакстандын Премьер-министринин орун басары - Тышкы иштер министри Мурат Нуртлеуну кабыл алды



Тараптар кыргыз-казак көп пландуу кызматташтыгын мындан ары өнүктүрүүнүн жана тереңдетүүнүн, ошондой эле соода-экономикалык ишмердүүлүктү активдештирүүнүн актуалдуу маселелерин талкуулашты. Бул максаттарда эки тараптуу кызматташтыктын кеңири спектри боюнча келечектүү долбоорлорду ишке ашырууда күч-аракеттерди бириктирүү сунушталды.

Мамлекет башчысы эки өлкө ортосундагы кызматташтыктын жогорку деңгээлин канааттануу менен айтып, боордош Кыргызстан менен Казакстандын ортосунда чечилбеген маселелер болбошу керектигин баса белгиледи.

## Мыкты айыл өкмөттөр аныкталды

Министрлер Кабинетинин кезектеги жыйынында 6 мыкты айыл өкмөткө акчалай сертификаттарды Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров тапшырды.

“Эң мыкты айыл өкмөтү” сынагынын байге фонду 6 миллион сомдон 12 миллион сомго көбөйтүлдү. Тактап айтканда, Аксы районунун Кош-Дөбө – 3 млн сом, Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа – 2 млн сом, Түп районунун Каркыра – 1 млн сом, Араван районунун Алля Анаров – 3 млн сом, Ат-Башы районунун Ат-Башы – 2 млн сом, Лейлек районунун Сумбала айыл өкмөтүрү 1 млн сом акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.

## ИИМге жаңы техникалар тапшырылды

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине автоунааларды тапшыруунун расмий аземине катышты.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы өз сөзүндө баңгизатын мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү укук коргоо органдарынын гана эмес, жалпы коомчулуктун милдети экенин белгиледи.

Ал ошондой эле Россия Федерациясынын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Николай Удовиченко баштаган Россия Федерациясынын Өкмөтүнө ыраазычылык билдирүү менен, берилген жардамдын аркасында Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү кызматынын кызматкерлеринин потенциалы жана техникалык мүмкүнчүлүктөрү жогорулаарын кошумчалады.

## Өнүгүүнүн көрсөткүчү сандар менен тастыкталат

КР Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ошондой эле райондук администрациялардын башчылары–акимдер катышкан жыйында Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 2023-жылы өлкөнүн ИДПсы 1 триллион 228 миллиард 900 миллион сомду түзүп, тарыхый этаптан өткөнүн айтты.

Мындан сырткары, 2023-жылы консолидацияланган бюджет 575 миллиард сомдон ашык сумманы түзсө, 2024-жылы 600,7 миллиард сом пландалып жатканын кошумчалады. Жалпысынан 2020-жылга (248 млрд) салыштырмалуу 2024-жылы бул көрсөткүч 353 млрд сомго көп болот. 2030-жылга карата ИДПны 30 млрд долларга жеткирүү үчүн жыл сайын 9-11,5% өсүү темпин басып өтүү керек.



## Араванда жаңы фабрика

Ош облусунун Араван районунда текстиль фабрикасын куруу үчүн Министрлер Кабинети Ош облусунун Араван районундагы Керме-Тоо айыл аймагынын аймагында жайгашкан 10 гектар жерди «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынан "Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка максаттар үчүн жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө токтомун бекитти.

Жаңы фабриканын, жип ийрүү, трикотаж, боёо жана тигүү цехтеринин курулушу пахтачылыкты өнүктүрүүгө шарт түзүп, жаңы жумуш орундарын түзүү пландаштырылууда.

## Москвадагы маанилүү жыйын



Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Адылбек Касымалиев Москва шаарына (Россия Федерациясы) болгон жумуш сапарынын алкагында Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин (ЕЭК Кеңеши) кезектеги жыйынына катышты.

Кеңештин мүчөлөрү импорттук бажы, атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдардын суммаларын которуунун тартиби жөнүндө маселени талкуулашты.

Мындан тышкары, Комиссиянын Кеңешинин отурумунда электрондук сооданы өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча иш-чаралар планынын («жол картасы») аткарылышынын жүрүшү, анын ичинде электрондук сооданы өнүктүрүүнүн жүрүшү жөнүндө маалымат угулду. Ошондой эле Биримдикте товарлардын электрондук соодасы жөнүндө макулдашуунун долбоорун иштөөнүн жүрүшү каралды.

## Чек ара чечүүдө кылдаттык талап кылынат



2024-жылдын 21-январынан 27-январына чейин Тажикстан Республикасынын Согди облусунун Бустон шаарында Кыргыз Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча Өкмөттүк делегацияларынын топографиялык жумушчу топторунун жана укуктук маселелер боюнча жумушчу топторунун кезектеги жолугушуусу болуп өттү.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасынын чечиле элек калган аймактарында биргелешкен ишмердүүлүктү жүргүзүп, ишти Кыргыз Республикасынын аймагында боло турган кийинки жолугушууда улантууну чечишти.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

УЧУРДУН КӨЙГӨЙҮ...
www.erkin-too.kg

# СӨЗ ЭРКИНДИГИНЕ БӨЛҮНГӨН ГРАНТТАР КИМГЕ КЫЗМАТ КЫЛАТ?

Массалык башаламандыктарга чакырык жасаган материалдарга байланыштуу чет элдик долбоорлор менен каржыланган “Айт, айт десе”, “Темиров LIVE”, “Арча медиа” жана “ПолитКлиника” редакцияларынын 11 кызматкери кармалып, Ички иштер министрлиги тарабынан козголгон кылмыш иштин алкагында тергөө жүргүздө. Таң калыштуусу, “койнунда котур ташы бар” айрым күчтөр иликтөөнүн жыйынтыгы чыкканга чейин күтпөй, окуяга колунан келишинче саясий боёк сүртүп, коомчулукту удургутканга аракеттенишүүдө. Буга эл-журт өзгөчө көңүл бөлүп, маалыматтын ак-карасын ылгабаса, жыйынтыгы башаламандыкка алып келиши мүмкүн.

Мамлекет башчысы да буга кайрылып, 10 күн мурун берген маегинде айтып өттү. Анда: “Биринчиден, кармалгандар кесипкөй журналисттер эмес. Алар социалдык тармактарды пайдаланып, ар кандай, анын ичинде өлкөнүн улуттук коопсуздугуна коркунуч туудурган маалыматтарды жоопкерчиликсиздик менен жарыялаган блогерлер. Экинчиден, ар бир укуктук мамлекеттегидей эле, Кыргыз Республикасында дагы мыйзам алдында жоопкерчилик бар. Буга байланыштуу ар бир адам, биринчи кезекте өзүн журналист жана блогер эсептегендер маалыматтын аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартууга тийиш. Айрым блогерлер жана активистер жалган маалыматтарды ачыктан-ачык жайылткан учурларга биз көп ирет күбө болдук” - деди С.Жапаров.



Албетте, коомго пикир айткан ар бир жарандын мыйзам алкагындагы укугу менен бирге милдети бар, аны Президент белгилегендей блогерлер таназарына албай келе жатышат. Өкүнүчтүүсү, бул биздин коомчулукта көндүм адатка айланып, кадимкидей илдет болуп калды. Аны менен укук коргоо органдары бүгүн күрөшпөсө, эртең кеч болору бышык. Андыктан, аракетти бүгүн баштоо зарыл. Болбосо, чаласабат, ээн ооз, мыйзамды сыйлабаган блогерлердин айынан мамлекетте башаламандык өкүм сүрүп кетсе, тилеги бузук сырткы күчтөрдүн курмандыгына айланабыз. Анткени, алардын дээрлик баары чет элдик булактардан каржыланып жатканы чындык. Тагыраагы, көз карандысыз журналист, блогер деп аталгандардын көбү ар түрдүү фонддордон, уюмдардан ж.б. гранттык каражаттарды алышууда.

Сөзүбүз куру болбошу үчүн айрымдарын так далилдер менен атап берелик. Маселен, “factcheck.kg” интернет-ресурсу (башкы редактору Болот Темиров) эки жылдын ичинде - 2020-жылдан 2022-жылга чейин бир гана фонддон (NED – Демократияны колдоо боюнча улуттук фонду) жалпысынан 142 900 доллар алыптыр. Ал эми “kloop.media” ресурсу аталган Демократияны колдоо боюнча улуттук фондунан 585 900 долларды өз ишине бурган. Мындан сырткары, 2021-жылы бир катар БӨУлар жана көз карандысыз журналист делген топтор Демократияны колдоо боюнча улуттук фондунан 90 000ден 220 000ге чейинки АКШ доллары өлчөмүндө гранттык каражаттарга ээ болушкан.

Жыйынтыктап айтсак, “kloop.media”, "Медиахаб", “kaktus.media”, "ПолитКлиника", “factcheck.kg”, “T-Media” маалымат агенттиктери жыл сайын чет элдик донорлордон 600 000 доллардан жогору өлчөмдө гранттык каражаттарды алышууда. Жалпы алганда, 2017-жылдан 2020-жылга чейин Демократияны колдоо боюнча улуттук фонду кыргызстандык БӨУларга, журналисттерге жана блогерлерге 8 млн 471 миң 614 доллар которгон.

Ооба, аталган гранттык каражаттар чындыгында сөз эркиндиги, медиа-коомчулукту колдоо жана көз карандысыз журналистиканы өнүктүрүүгө бөлүнөрү айтылат. Тилекке каршы, каражаттар өз максатына жумшалбай жеке адамдардын чөнтөгүнө куюлуп, бирөөлөрдүн кызыкчылыгын канааттандырууда. Бул боюнча Президент көзгө сая көрсөтүп: “Чет элдик булактардан тийиштүү гранттык каражаттарды алган кээ бир журналисттердин жана блогерлердин жеке баюу фактылары байкалууда. Мисалга алсак, кармалгандардын арасында кызматкери бар басылманын башкы редакторлорунун бири каржы булактарын конкреттештирбестен, акыркы жылдары эле бир катар кымбат баалуу кыймылсыз мүлккө ээ болгон” - деди. Ошого удаалай, чет элдик долбоорлор менен иштеген бир журналисттин жакынкы жылдарда үч кыймылсыз мүлккө ээ болгону, былтыр 18 миллион сомго заманбап үй алганы боюнча маалыматтар тарады.

Ырасында, кармалган балдардын баары аталган журналисттей сапырылган доллар менен еврону алып, шапар тепкенге мүмкүнчүлүгү жок. Көпчүлүгү кара жумушту аткарган блогерлер, ар кимиси эртеден кечке баш көтөрбөй жасаган ишине жараша гана арзыбаган тыйын алышат. Түйүндүн баары алардын ана башчыларында жатат. Оюна келген ушак-тешектер менен долбоор жазып, эң негизгиси мамлекетти жамандап, кожоюндарын көндүрөт да, бөлүнгөн акчаны дээрлик бүкүлү бойдон сугунушат. Колунда иштегендерге жок дегенде гранттын, алынган каражаттын төрттөн бир бөлүгүн да бербейт. Аны кармалгандардын жупуну жашоосу тастыктап турат. А өздөрү чет өлкөгө чыгып каалагандай шапар тепкенден сырткары, миллиондогон суммага үй алат. Бул адилетсиздик эмей эмне? Анан ошол эргулдардын коррупция, жемкорлук боюнча сүйлөгөнгө акысы барбы?

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

## Каржылык мыйзам бузуулар аныкталды

Саламаттык сактоо жана Транспорт министрликтеринде ири суммадагы каржылык мыйзам бузуулар аныкталганын Эсеп палатасынан билдиришти. Атап айтсак, Саламаттык сактоо министрлигинде жана ага караштуу мекемелерде бюджетти аткарууда, мүлктү пайдаланууда, мамлекеттик сатып алууларда, эсепке алуу жана отчеттуулук тартибин сактоодо мүчүлүштүктөр кетип, 105 млн 999,8 миң сомго каржы бузуулар аныкталган. Ошондой эле Эсеп палатасы 2021-2022-жылдар аралыгында Транспорт жана коммуникациялар министрлиги менен анын карамагында турган мамлекеттик ишканаларда 1 млрд 251 млн 455 миң сомдук каржылык мыйзам бузуу аныкталганын билдирди. Мекеменин маалыматына ылайык, анын ичинен 366 млн 630 миң сом бюджетти аткарууда, 57 млн 283 миң сом мүлктү пайдаланууда, 214 млн 824 сом отчет берүүдөгү тартипти бузууда келтирилген чыгым. Мындан тышкары, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде 100 млн 988,1 миң сомдук каржылык тартип бузуулар аныкталганы маалым болду.

## Матраимовдун 80 млн долларлык мүлкү...

Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиев Бажы кызматынын төрагасынын мурдагы орун басары Райымбек Матраимовдун бардык мүлкү мамлекетке алынарын билдирип, Бишкек менен Оштогу 80 млн долларлык мүлкү конфискация болгонун айтты. "Раимбек Матраимов качып кетти эле, анын Бишкек жана Оштон конфискация болгон мүлкүнүн өзү эле 80 млн долларга барып калды. Көптөгөн ишканаларды, курулуш, жер тилкелерин, завод, фабрикаларды алып койгон. Бир адам ушинтип кан болуп жатса, башка эл жыргап жашамак беле. Башка эл ошолордун астында, ошолордун берген анча-мынча бир нерсесине башын ийип жашайт да. Андай болбошу керек" деди К.Ташиев. Белгилей кетсек, Райымбек Матраимов кримтөбөл Камчы Көлбаев менен өлкөдө “мафия түзгөнү” ачыкталып, издөө жарыяланган. Учурда кылмыштуу топторго каршы аёосуз күрөш жүрүүдө. УКМК кылмыштуу топ менен күрөштө 120 млрд сомдой каражат топтогону маалым болду.

## Мал уурулук үчүн катаал жаза

Кыргызстанда мал уурулук үчүн жаза күчөтүлдү. Кылмыш-жаза кодекси 205$^{1}$-беренеси (“мал уурулук”) менен толукталды. Тиешелүү документке Садыр Жапаров кол койгонун Президенттик Администрациядан маалымдашты. Бул норма Кылмыш-жаза кодексинин 2021-жылдагы (азыркы) жана 2017-жылдагы редакцияларында жок болчу. Жаза жабырлануучуга келтирилген зыяндын көлөмүнө жараша мүлк уурдоо үчүн аныкталган. Эми мал уурдагандар 2 айдан 6 айга чейин коомдук жумушка тартылып, 20 000ден 50 000 сомго чейин айып төлөйт же алты айдан эки жылга чейин эркинен ажыратылат. Олуттуу мал уурулук кылгандар эки айдан үч жылга чейин түзөтүү иштерине (кылмышкерди мажбурлап иштетүү жана айлыгынын бир бөлүгүн мамлекеттин эсебине которуу) тартылат. Же ага 100 миңден 200 миң сомго чейин айып салынат, болбосо үч жылдан беш жылга чейин абакка кесилет. Эгерде көп малды кылмыштуу топ турак жайдын, ишкананын, уюмдун, мекеменин короосуна же малканага, мал кармалган тосмого кирип алып чыкса, кылмышкерлердин мүлкү конфискацияланып, андан сырткары 5 жылдан 8 жылга чейин эркинен ажыратылат. Көп мал уурдалса, кылмыш уюшкан топ менен жасалса күнөөлүүлөрдүн мүлкү конфискацияланып, өздөрү сегиз жылдан 12 жылга чейин абакка кесилет.

## Бүгүндөн тарта жол кире акысы кымбаттайт

Бишкек шаардык кеңешинин чечимине ылайык, 30-январдан тарта жаңы тарифтер күчүнө кирип, коомдук транспортто жол кире акысы кымбаттайт. Ага ылайык, автобус жана троллейбуста жол кире “Тулпар” картасы менен 17 сом, накталай 20 сом, MegaPay сервиси аркылуу 11 сом, менчик автобус жана маршруткаларда 20 сом болот. Пенсионерлер, 7 жашка чейинки балдар, майыптыгы барлар автобус менен троллейбустарда акысыз жүрөт. Пенсионерлер маршруткада мурдагыдай эле күндүзгү убакытта 8 сом төлөйт. Окуучулар “Тулпар картасын 360 сомго сатып алса болот. “Тулпардын” чектөөсүз картасы 1020 сомду түзөт.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНА КӨЧҮП КЕЛҮҮЧҮ ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗДАРГА БЕРИЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЕПИЛДИКТЕР ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 13-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2007-ж., №10, 794-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-статьяда:

а) биринчи жана экинчи абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"**Кайрылман** - Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн көчүп келүүнү каалаган (көчүп келген) жана кайрылман статусун алган чет өлкөлүк жаран (жарандыгы жок адам) болуп саналган этникалык кыргыздар;

**кайрылман статусу** - этникалык кыргыз болуп саналган чет өлкөлүк жарандын (жарандыгы жок адамдын) белгиленген үлгүдөгү документ менен ырасталуучу убактылуу социалдык жана укуктук статусу;";

б) алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"**этникалык кыргыз** - чет өлкөлүк жаран (жарандыгы жок адам) болуп саналган кыргыз улутундагы адам.";

2) 5-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5-статья. Кайрылман статусу

Кайрылман статусу туруктуу жашоо максатында Кыргыз Республикасына көчүп келүүнү каалаган (көчүп келген) этникалык кыргызга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте берилет.

Адамда кайрылман статусунун болушу анын Кыргыз Республикасынын аймагындагы социалдык жана укуктук статусун аныктайт жана Кыргыз Республикасы тарабынан берилүүчү социалдык жана укуктук кепилдиктерди алууга укук берет.";

3) 7-статья төмөнкүдөй мазмундагы экинчи жана үчүнчү бөлүктөр менен толукталсын:

"Арыз ээси сканерленген документтерди миграция боюнча Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын расмий электрондук дарегине жиберүүгө укуктуу. Документтер ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу берилген же электрондук дарекке жөнөтүлгөн учурда, өтүнүчкө кол койгон адамдын кол тамгасынын аныктыгы жана өтүнмөгө тиркелген документтин көчүрмөсүнүн анын түп нускасына ылайык келүүсү нотариалдык жактан күбөлөндүрүлөт.

Этникалык кыргыздар Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнө же консулдук мекемесине кайрылман статусун берүү жөнүндө кайрылганда, мамлекеттик алымдарды жана консулдук кызмат көрсөтүүлөр үчүн алынуучу каражаттарды төлөөдөн бошотулат.";

4) 8-статьянын бешинчи жана алтынчы бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кайрылман ырастамасы кайрылман деп таанылган адамдын социалдык жана укуктук статусун тастыктоочу, Кыргыз Республикасында жүргөн жери боюнча каттоого турууга жана мамлекеттик кепилдиктерди алуу үчүн негиз болуп саналуучу, инсандыгын күбөлөндүрүүчү документ болуп саналат.

Кайрылман ырастамасынын үлгүсү, аны берүү, алмаштыруу жана жараксыз деп таануу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.";

5) 10-статьянын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кайрылман статусун токтотуу жөнүндө кабарлама, анын даттануу себептерин, мөөнөттөрүн жана тартибин көрсөтүү менен чечим кабыл алынган күндөн тартып 5 жумуш күндүн ичинде адамдын жеке өзүнө (ыйгарым укуктуу өкүлүнө) тапшырылат же миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан анын катталган же иш жүзүндө жашаган жери боюнча жөнөтүлөт.

Кайрылман статусун токтотуу жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөттө сотко даттанылышы мүмкүн.";

6) 13-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"13-берене. Кайрылман статусун берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимге даттануу

Адамга кайрылман статусун берүүдөн баш тартууда, баш тартуунун себептерин жана кабыл алынган чечимге даттануу тартибин көрсөтүү менен чечим арыз ээсинин жеке өзүнө (ыйгарым укуктуу өкүлүнө) чечим кабыл алынган күндөн тартып 5 жумуш күндүн ичинде тапшырылат же андан ары жөнөтүү үчүн өтүнмө берилген жер боюнча арыз ээсине жөнөтүлөт.

Кайрылман статусун берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөттө сотко даттанылышы мүмкүн.";

7) 15-статьяда:

а) биринчи бөлүктүн жетинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасына ылайык зарыл болгон медициналык-санитардык жардам алууга;";

б) төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү бөлүк менен толукталсын:

"Кайрылмандар Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында аныкталган шарттарда жана тартипте өздөрү катталган жана жашаган айыл аймагынын аймагындагы айыл чарба багытындагы жерлердин категориясынан мөөнөттүү пайдалануу үчүн жер алууга укуктуу";

8) 18-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"18-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык кайрылмандарга калктуу конуштардын жерлеринин категориясынан турак үй куруу жана тейлөө, жеке көмөкчү чарба жүргүзүү үчүн жер участокторун кайтарымсыз мөөнөттүү пайдаланууга берет, ал жер кайрылман Кыргыз Республикасынын жарандыгын алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте анын менчигине өтөт.".

**2-берене**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Президентине өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирүү сунушталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;
- ушул Мыйзамдан келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** — **С. ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 24-январы, №25***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ГОСУДАРСТВЕННЫХ ГАРАНТИЯХ ЭТНИЧЕСКИМ КЫРГЫЗАМ, ПЕРЕСЕЛЯЮЩИМСЯ В КЫРГЫЗСКУЮ РЕСПУБЛИКУ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 13 декабря 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственных гарантиях этническим кыргызам, переселяющимся в Кыргызскую Республику» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2007 г., №10, ст.794) следующие изменения:

1) в статье 1:

а) абзацы первый и второй изложить в следующей редакции:

«**Кайрылман** - этнический кыргыз, являющийся иностранным гражданином (лицом без гражданства), желающий переселиться (переселившийся) в Кыргызскую Республику для постоянного проживания и получивший статус кайрылмана;

**статус кайрылмана** - временный социальный и правовой статус иностранного гражданина (лица без гражданства), являющегося этническим кыргызом, подтверждаемый документом установленного образца;»;

б) абзац шестой изложить в следующей редакции:

«**этнический кыргыз** - лицо кыргызской национальности являющийся иностранным гражданином (лицом без гражданства).»;

2) статью 5 изложить в следующей редакции:

«Статья 5. Статус кайрылмана

Статус кайрылмана предоставляется этническому кыргызу, желающему переселиться (переселившемуся) в Кыргызскую Республику в целях постоянного проживания в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

Наличие у лица статуса кайрылмана определяет его социальный и правовой статус на территории Кыргызской Республики и предоставляет право на получение социальных и правовых гарантий, предоставляемых Кыргызской Республикой.»;

3) статью 7 дополнить частями второй и третьей следующего содержания:

«Заявитель вправе направить сканированные документы на официальный электронный адрес уполномоченного государственного органа Кыргызской Республики по миграции. В случаях подачи документов через уполномоченного представителя или направления на электронный адрес подлинность подписи лица, подписавшего ходатайство, и соответствие копии документа, прилагаемого к ходатайству, его подлиннику удостоверяются нотариально.

Этнические кыргызы при обращении в дипломатическое представительство или консульское учреждение Кыргызской Республики о предоставлении статуса кайрылмана освобождаются от уплаты государственных пошлин и средств, взимаемых за консульские услуги.»;

4) части пятую и шестую статьи 8 изложить в следующей редакции:

«Удостоверение кайрылмана является документом, удостоверяющим личность, подтверждающим социальный и правовой статус лица, признанного кайрылманом, являющимся основанием для регистрации по месту пребывания в Кыргызской Республике и получения государственных гарантий.

Образец удостоверения кайрылмана, порядок его выдачи, обмена и признания недействительным утверждаются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

5) части вторую и третью статьи 10 изложить в следующей редакции:

«Уведомление о прекращении статуса кайрылмана с указанием причин, сроков и порядка обжалования вручается лично лицу (уполномоченному представителю) или направляется по месту его регистрации или фактического проживания уполномоченным государственным органом в сфере миграции в течении 5 рабочих дней со дня принятия решения.

Решение о прекращении статуса кайрылмана может быть обжаловано в суде в порядке и сроки, установленные законодательством Кыргызской Республики.»;

6) статью 13 изложить в следующей редакции:

«Статья 13. Обжалование решения об отказе в предоставлении статуса кайрылмана

При отказе в предоставлении лицу статуса кайрылмана решение с указанием причин отказа и порядка обжалования принятого решения вручается лично заявителю (уполномоченному представителю) в течение 5 рабочих дней со дня принятия решения или направляется по месту подачи ходатайства для дальнейшего препровождения заявителю.

Решение об отказе в предоставлении статуса кайрылмана может быть обжаловано в суде в порядке и сроки, установленные законодательством Кыргызской Республики.»;

7) в статье 15:

а) абзац седьмой части первой изложить в следующей редакции:

«- получение необходимой медико-санитарной помощи в соответствии с Программой государственных гарантий обеспечения медико-санитарной помощью граждан Кыргызской Республики;»;

б) дополнить частью четвертой следующего содержания:

«Кайрылманы вправе получить в срочное пользование землю из категории земель сельскохозяйственного назначения на территории айыльного аймака, в котором они зарегистрированы и проживают, на условиях и в порядке, определенных земельным законодательством Кыргызской Республики.»;

8) статью 18 изложить в следующей редакции:

«Статья 18. Полномочия органов местного самоуправления

Органы местного самоуправления в соответствии с земельным законодательством Кыргызской Республики предоставляют кайрылманам в безвозмездное срочное пользование земельные участки из категории земель населенных пунктов для строительства и обслуживания жилого дома и ведения личного подсобного хозяйства, которые при получении кайрылманом гражданства Кыргызской Республики переходят в его собственность в порядке, определенном законодательством Кыргызской Республики.».

**Статья 2**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

2. Рекомендовать Президенту Кыргызской Республики привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

3. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

- в трехмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом;
- принять соответствующие меры, вытекающие из настоящего Закона.

**Президент**
**Кыргызской Республики** — **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 24 января 2024 года, №25***

## 2023-ЖЫЛДЫН 7-ИЮНУНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН КАТАР МАМЛЕКЕТИНИН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ВЕТЕРИНАРИЯ ЖААТЫНДА КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2023-жылдын 7-июнунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Катар Мамлекетинин Өкмөтүнүн ортосундагы Ветеринария жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашуу (мындан ары - Макулдашуу) бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигине караштуу Ветеринария кызматы жогоруда аталган Макулдашууну ишке ашырууга жоопту ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги катар тарапка жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** — **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 24-январы, №22***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 13-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине (“Эркин-Тоо” гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 38-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 13 жана 14-пункттар менен толукталсын:

“13) автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү эл аралык каттамдарда лицензиясыз ташууну жүзөгө ашырганда;

14) Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен жүргөндүгү үчүн белгиленген жыйымды төлөбөгөндө.”;

2) 181-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“181-берене. Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен жүрүү үчүн транспорт каражаттарынын белгиленген жол берилген салмак-габариттик параметрлеринин ченемдерин сактабоо (ашыруу) жана автомобиль жолдорунун сакталышын жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча башка талаптарды сактабоо

1. Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен жүрүү үчүн транспорт каражаттарынын белгиленген жол берилген салмак-габариттик параметрлеринин ченемдерин сактабоо (ашыруу) -

жеке жактарга - 175 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 550 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган ошол эле жосун жыл ичинде кайталанып жасалса, -

жеке жактарга - 200 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 650 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

2. Жүк жөнөтүүчүнүн ташылуучу жүктүн транспорттук документтеринде жүктүн массасы же габариттери жөнүндө анык эмес маалыматтарды берүүсү -

жеке жактарга - 30 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 130 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

3. Юридикалык жак тарабынан транспорт каражатына жүктү жүктөөдө жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен жүрүү үчүн транспорт каражаттарынын жол берилген салмак-габариттик параметрлеринин ченемдеринен ашыруу -

550 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

4. Эгерде транспорт каражаттарынын кыймылына мындай чектөөлөр жол-климаттык шарттардан улам киргизилсе, автомобиль жолдору боюнча транспорт каражаттарынын кыймылын убактылуу токтотуунун же чектөөнүн талаптарын сактабоо -

жеке жактарга - 175 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 550 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.”;

3) 192-берене төмөнкүдөй мазмундагы 5-бөлүк менен толукталсын:

“5. Автомобиль жолдору менен жүрүү үчүн транспорт каражатынын салмак-габариттик параметрлеринин белгиленген жол берилген ченемдеринин бузууларын (ашырууларын) фото жана видео фиксациялоо функциясы бар атайын техникалык каражаттар орнотулган жол участокторунда жолдун жүрүүчү бөлүгүндөгү чийиндердин талаптарын аткарбоо -

жеке жактарга - 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.”;

4) 200-беренеде:

а) 5 жана 6-бөлүктөрдө “175” жана “550" деген цифралар тиешелүүлүгүнө жараша “200” жана “650” деген цифраларга алмаштырылсын;

б) 7-бөлүктө:

- биринчи абзацта “берилген кабарламаны аткарбастан,” деген сөздөр “берилүүчү кабарламаны аткарбастан жана эсепке алуу талонусуз” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- экинчи абзацта “175” жана “550” деген цифралар тиешелүүлүгүнө жараша “200” жана “650” деген цифраларга алмаштырылсын;

в) берене төмөнкүдөй мазмундагы 8 жана 9-бөлүктөр менен толукталсын:

«8. Чет өлкөлүк уруксат бланктарын ата мекендик ташуучу тарабынан башка ата мекендик ташуучуга пайдалануу үчүн өткөрүп берүү -

жеке жактарга - 100 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 300 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

9. Чет өлкөлүк ташуучулардын Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык автомобилдик ташууларды толтурулбаган уруксат бланктары менен, же болбосо уруксат бланкында транспорттук контролдоо органынын кызмат адамынын белгилөөсү жок жүзөгө ашыруусу -

жеке жактарга - 200 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 650 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.”;

5) 21-глава төмөнкүдөй мазмундагы $200^1$ жана $200^2$-беренелер менен толукталсын:

“$200^1$-берене. Жүктөрдү автомобиль транспорту менен ташуу эрежелерин бузуу

1. Товардык-транспорттук коштомо кагазысыз (ТТК) жана автомобиль транспорту менен жүктөрдү ташуу эрежелеринде белгиленген башка документтерсиз жүктөрдү ташууну жүзөгө ашыруу -

жеке жактарга - 100 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 300 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

2. Ата мекендик ташуучулар тарабынан ички жүк ташууларда транспорт каражаттарын каттоо тартибин бузуу менен башка мамлекетте катталган чиркегичтерди жана жарым чиркегичтерди пайдалануу -

жеке жактарга - 100 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 300 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

$200^2$-берене. Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен жүргөндүгү үчүн жыйым төлөө боюнча талаптарды бузуу

Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен жүргөндүгү үчүн белгиленген жыйымды төлөбөө -

жеке жактарга - 200 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 650 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.”;

6) 463-берене “181,” деген цифралардан кийин “185,” деген цифралар менен толукталсын;

7) 514-берененин 3-бөлүгү “Сертификатталган” деген сөздөн кийин “, Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен жүрүү үчүн транспорт каражаттарынын белгиленген жол берилген салмак-габариттик параметрлеринин ченемдерин аныктоо үчүн пайдаланылуучу фото, кино тартуу жана видео фиксациялоо функциялары бар” деген сөздөр менен толукталсын;

8) 563-берененин 5-бөлүгүндө “195-200” деген цифралар “195-$200^2$” деген цифраларга алмаштырылсын;

9) 571-берененин 1-бөлүгү “ички иштер органдарынын” деген сөздөрдөн кийин “жана транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын” деген сөздөр менен толукталсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 24-январы, №26***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 13 декабря 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) часть 2 статьи 38 дополнить пунктами 13 и 14 следующего содержания:

«13) при осуществлении пассажирских и грузовых перевозок автомобильным транспортом в международных сообщениях без лицензии;

14) при неуплате установленного сбора за проезд по автомобильным дорогам общего пользования Кыргызской Республики.»;

2) статью 181 изложить в следующей редакции:

«Статья 181. Несоблюдение (превышение) установленных допустимых норм весогабаритных параметров транспортных средств для проезда по автомобильным дорогам общего пользования Кыргызской Республики и несоблюдение иных требований по обеспечению сохранности автомобильных дорог и безопасности дорожного движения

1. Несоблюдение (превышение) установленных допустимых норм весогабаритных параметров транспортных средств для проезда по автомобильным дорогам общего пользования Кыргызской Республики -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 175 расчетных показателей, на юридических лиц - 550 расчетных показателей.

То же действие, предусмотренное частью 1 настоящей статьи, совершенное повторно в течение года, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 200 расчетных показателей, на юридических лиц - 650 расчетных показателей.

2. Предоставление грузоотправителем недостоверных сведений о массе или габаритах груза в транспортных документах на перевозимый груз-

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 30 расчетных показателей, на юридических лиц - 130 расчетных показателей.

3. Превышение юридическим лицом допустимых норм весогабаритных параметров транспортных средств для проезда по автомобильным дорогам общего пользования при погрузке груза в транспортное средство -

влечет наложение штрафа в размере 550 расчетных показателей.

4. Несоблюдение требований временного прекращения или ограничения движения транспортных средств по автомобильным дорогам, если такие ограничения движения транспортных средств вводятся из-за дорожно-климатических условий, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 175 расчетных показателей, на юридических лиц - 550 расчетных показателей.»;

3) статью 192 дополнить частью 5 следующего содержания:

«5. Невыполнение требований разметки проезжей части на участках дороги, где установлены специальные технические средства с функцией фото- и видеофиксации нарушений (превышений) установленных допустимых норм весогабаритных параметров транспортного средства для проезда по автомобильным дорогам, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 200 расчетных показателей.»;

4) в статье 200;

а) в частях 5 и 6 цифры «175» и «550» заменить соответственно цифрами «200» и «650»;

б) в части 7:

- в абзаце первом слова «уведомлением, выдаваемым» заменить словами «уведомлением и без учетного талона, выдаваемыми»;

- в абзаце втором цифры «175» и «550» заменить соответственно цифрами «200» и «650»;

в) статью дополнить частями 8 и 9 следующего содержания:

«8. Передача отечественным перевозчиком бланков иностранных разрешений другому отечественному перевозчику для использования -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 100 расчетных показателей, на юридических лиц - 300 расчетных показателей.

9. Осуществление иностранными перевозчиками международных автомобильных перевозок на территории Кыргызской Республики с незаполненными бланками разрешений либо без отметки должностного лица органа транспортного контроля в бланке разрешений -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 200 расчетных показателей, на юридических лиц - 650 расчетных показателей.»;

5) главу 21 дополнить статьями $200^1$ и $200^2$ следующего содержания:

«Статья $200^1$. Нарушение правил перевозки грузов автомобильным транспортом

1. Осуществление перевозок грузов без товарно-транспортной накладной (ТТН) и других документов, установленных в правилах перевозки грузов автомобильным транспортом, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 100 расчетных показателей, на юридических лиц - 300 расчетных показателей.

2. Использование отечественными перевозчиками во внутренних грузовых перевозках прицепов и полуприцепов, зарегистрированных в другом государстве в нарушение порядка регистрации транспортных средств, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 100 расчетных показателей, на юридических лиц - 300 расчетных показателей.

Статья $200^2$. Нарушение требований по уплате сбора за проезд по автомобильным дорогам общего пользования

Неуплата установленного сбора за проезд по автомобильным дорогам общего пользования -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 200 расчетных показателей, на юридических лиц - 650 расчетных показателей.»;

6) статью 463 после цифр «181,» дополнить цифрами «185,»;

7) часть 3 статьи 514 после слова «приборами» дополнить словами «, имеющими функции фото- и киносъемки, видеофиксации, используемые для выявления установленных допустимых норм весогабаритных параметров транспортных средств для проезда по автомобильным дорогам общего пользования Кыргызской Республики,»;

8) в части 5 статьи 563 цифры «195-200» заменить цифрами «195-$200^2$»;

9) часть 1 статьи 571 после слов «органов внутренних дел» дополнить словами «и уполномоченного органа в сфере транспорта».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 24 января 2024 года, №26***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# ЖЕКЕЛЕШТИРҮҮ КАРАЖАТТАРЫН КАТТОО МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АКТЫЛАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 29-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №153 «ТОВАРЛАР ЧЫГАРЫЛГАН ЖЕРЛЕРДИН АТАЛЫШЫН КАТТООГО ЖАНА ПАЙДАЛАНУУГА УКУК БЕРҮҮГӨ ӨТҮНМӨНҮ ЖАНА КАТТАЛГАН ТОВАРЛАР ЧЫГАРЫЛГАН ЖЕРЛЕРДИН АТАЛЫШЫН ПАЙДАЛАНУУГА УКУК БЕРҮҮГӨ ӨТҮНМӨНҮ ТҮЗҮҮНҮН, БЕРҮҮНҮН ЖАНА КАРООНУН ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

«Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 11-беренелерин, 54-беренесинин 7-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Товардык белгини жана тейлөө белгисин каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун эрежелери 1-тиркемеге ылайык;

- Географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдаланууга укугун берүүгө өтүнмө жана мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдаланууга укугун берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун эрежелери 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №153 «Товарлар чыгарылган жерлердин аталышын каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү жана катталган товарлар чыгарылган жерлердин аталышын пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбула «тейлөө белгилери» деген сөздөрдөн кийин «, географиялык көрсөтмөлөр» деген сөздөр менен толукталсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Товарлар чыгарылган жерлердин аталышын каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү жана катталган товарлар чыгарылган жерлердин аталышын пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелеринде:

- преамбула «тейлөө белгилери» деген сөздөрдөн кийин «, географиялык көрсөтмөлөр» деген сөздөр менен толукталсын;

- 1-пунктта:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Товар чыгарылган жердин аталышын каттоого жана/же товар чыгарылган жердин аталышын пайдаланууга укугун алууга өтүнмө берүү укугуна, чыгарылган товар Мыйзамдын 34-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген талаптарга жооп берген учурда товар чыгарылган жердин аталышы катары колдонулган географиялык объекттин аймагында жайгашкан, мүчөлөрү уставдын негизинде иш жүргүзгөн ассоциациялар (бирликтер) ээ болот.»;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Белгиленген тартипте катталган товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугу Мыйзамдын 35-беренесинин 5-бөлүгүндө аталган жактар товардын касиеттерин жана мүнөздөмөлөрүн тастыктаган шартта, ошол эле географиялык объектте турган жана ошол эле касиеттери жана мүнөздөмөлөрү менен товарды чыгарган кайсы болбосун юридикалык же жеке жакка кийин берилиши мүмкүн.»;

- 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Өтүнмө интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (мындан ары - Кыргызпатент) түздөн-түз берилет же кагаз жүзүндө почта аркылуу же электрондук өтүнмө берүү (мындан ары - ЭӨБ) системасы аркылуу электрондук форматта жөнөтүлөт. ЭӨБ системасы аркылуу өтүнмө берүүнүн тартиби Кыргызпатент тарабынан бекитилүүчү ЭӨБ системасын пайдалануу боюнча нускама менен белгиленет.»;

- 3-пунктта:

экинчи абзацтагы «тарабынан» деген сөз «тарабынан жекече, өкүл аркылуу» деген сөздөргө алмаштырылсын;

үчүнчү, төртүнчү абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Чет өлкөлүк юридикалык жактар же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жеке жактар же алардын патенттик ишенимдүү өкүлдөрү, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башка тартип белгиленбесе, товар чыгарылган жердин аталышын каттоого жана аларды пайдаланууга укук берүүгө же товар чыгарылган жерлердин катталган аталышын пайдаланууга укук берүүгө байланыштуу иштерди Кыргызпатентте катталган патенттик ишенимдүү өкүлдөр аркылуу гана жүргүзүшөт.

Патенттик ишенимдүү өкүл аркылуу берилген өтүнмөгө талаптагыдай таризделген ишеним каттын түп нускасы же ишеним каттын талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү тиркелет.»;

алтынчы абзацтагы «Кыргыз Республикасы алардын катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдерге байланыштуу белгиленген мыйзам тартибинде же өз-ара» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык же өз ара» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 8-пункттун экинчи абзацы «жашаган ордун» деген сөздөн кийин «, топтун, ассоциациянын (бирликтин) уставын жана электрондук почтанын дарегин» деген сөздөр менен толукталсын;

- 9-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«- «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өтүнмө ээсинин жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга, топтоого, сактоого жана жайылтууга жазуу жүзүндөгү макулдугу (жеке жактар үчүн);

- патенттик ишенимдүү өкүлгө жана/же өкүлгө нотариалдык күбөлөндүрүү талап кылынбаган ишеним кат.»;

- 10-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: «Өтүнмө жана ага тиркелүүчү документтер ушул Эрежелердин 12-пунктунда каралган шарттарды сактоо менен электрондук түрдө берилиши мүмкүн.»;

төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Өтүнмөнү жана ага тиркелүүчү документтерди электрондук түрдө толтурууга кошумча талаптар же алып салуулар, кол тамганы тариздөөгө талаптардан тышкары, Кыргызпатент тарабынан бекитилүүчү жана жарыялануучу ЭӨБ системасын пайдалануу боюнча нускама менен белгиленет.

Эгерде өтүнмө Кыргызпатенттин расмий веб-порталы аркылуу берилсе, өтүнмөнүн электрондук формасына квалификациялык электрондук кол тамга (мындан ары - КЭК) коюлат.

Эгер өтүнмө Бирдиктүү идентификациялоо жана аутентификациялоо системасы (Кыргыз Республикасынын электрондук кызмат көрсөтүүлөрүнүн мамлекеттик порталы) аркылуу берилсе, КЭК талап кылынбайт.»;

- 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«11. Өтүнмөнү кагаз түрүндө бергенде өтүнмөгө тиркелген документтер басылган түрүндө бир нускада берилет.»;

- 12-пунктта:

биринчи абзацтагы «ушул Эрежелерге карата 1-тиркемеде келтирилген» деген сөздөр «Кыргызпатент тарабынан белгиленген» деген сөздөргө алмаштырылсын;

экинчи абзацтагы «ушул Эрежелерге карата 2-тиркемеде келтирилген» деген сөздөр «Кыргызпатент тарабынан белгиленген» деген сөздөргө алмаштырылсын;

төртүнчү абзацтагы «71» деген цифралар «731» деген цифраларга алмаштырылсын;

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Товар чыгарылган жердин аталышын каттоону сураган Кыргыз Республикасынын юридикалык жагы жана/же товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун берүүнү сураган ишкердик менен алектенген жеке жак үчүн салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (мындан ары - СИН), ошондой эле бар болсо ишканалардын жана уюмдардын жалпы республикалык классификатору (ИУЖК коду) көрсөтүлөт. Жеке жак үчүн идентификациялык жеке номер (ИЖН) көрсөтүлөт.»;

алтынчы абзацтагы «Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун (мындан ары - ИМБДУ) ST.3 стандарты» деген сөздөр «Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун ST.3 стандарты (мындан ары - ИМБДУнун ST.3 стандарты)» деген сөздөргө алмаштырылсын;

жетинчи, сегизинчи абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«731 кодундагы графадан кийинки графада өтүнмө ээсинин толук почта дареги (юридикалык жактын юридикалык дареги же жеке жактын жашаган жеринин дареги), анын ичинде өлкөнүн расмий аталышы, ошондой эле телефондун, мунун ичинде мобилдик телефондун номери, электрондук почтанын (мындан ары - e-mail) экиден кем эмес дареги, эгер бар болсо факстын номери көрсөтүлөт.

750 кодундагы графага кат жазышуу үчүн дарек, дарек ээсинин аты же аталышы, телефондун, анын ичинде мобилдик телефондун номери, экиден кем эмес e-mail дареги, эгер бар болсо факстын номери келтирилет.»;

тогузунчу абзацтагы «Кыргызпатентте катталган» деген сөздөр «e-mail жана мобилдик телефондорунун номерлери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

онунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Өтүнмө ээси тарабынан патенттик ишенимдүү өкүл дайындалган учурда толтурула турган 740 кодундагы графага ал жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтар келтирилет: аты-жөнү, Кыргызпатентте катталган номери, Кыргыз Республикасында жайгашкан жеринин дареги, телефондун, анын ичинде мобилдик телефондордун номерлери, экиден кем эмес e-mail дареги, эгер бар болсо, факстын номери.»;

он биринчи абзацтагы «54» деген цифралар «540» деген цифраларга алмаштырылсын;

он жетинчи абзацтагы «Мыйзамдын 28-беренесинин төртүнчү бөлүгүнөн» деген сөздөр «Мыйзамдын 35-беренесинин 6-бөлүгүнөн» деген сөздөргө алмаштырылсын;

он тогузунчу абзацтагы «Мыйзамдын 29-беренесинин бешинчи бөлүгүнүн экинчи абзацына» деген сөздөр «Мыйзамдын 37-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна» деген сөздөргө алмаштырылсын;

жыйырма биринчи абзацтагы «Мыйзамдын 29-беренесинин бешинчи бөлүгүнүн үчүнчү абзацына» деген сөздөр «Мыйзамдын 37-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-пунктуна» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 14-пункттун бешинчи абзацындагы «алар ушул кат-кабарлары алган» деген сөздөр «ушул кат-кабарлар жиберилген» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 16-пункттун биринчи абзацындагы «Мыйзамдын 30-беренесинин экинчи бөлүгүндө» деген сөздөр «Мыйзамдын 38-беренесинин 3-бөлүгүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 18-пункттун үчүнчү абзацындагы «алган» деген сөз «жиберилген» деген сөзгө алмаштырылсын;

- 19-пунктта:

биринчи абзацтагы «Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгүнө» деген сөздөр «Мыйзамдын 38-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

экинчи абзацтагы «алгандан» деген сөз «жиберилгенден» деген сөзгө алмаштырылсын;

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Суралган материалдарды берүүнүн мөөнөтү эгер өтүнмө белгиленген мөөнөттү бузуу менен берилсе, ошондой эле алым төлөнгөндүгү жөнүндө документ берилбесе же төлөнгөн алымдын суммасы белгиленген өлчөмгө туура келбесе, узартылбайт.»;

- 20-пунктта:

үчүнчү абзацтагы «экспертизанын алдын ала чечимине же» деген сөздөр алып салынсын;

төртүнчү абзацындагы «мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн жүйөлүү себептери тастыкталган» деген сөздөр «алым төлөнгөн» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 21-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«21. Өтүнмө ээси өтүнмөнү аны кароонун каалаган этабында чакыртып алууга укуктуу. Өтүнмөнү чакыртып алуу жөнүндө арыз Географиялык көрсөтмөлөрдүн жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарынын мамлекеттик реестрине (мындан ары - Реестр) товар чыгарылган жердин аталышы катталган жана/же товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун берүү жөнүндө жазуу киргизилген күндөн кеч эмес берилиши керек.»;

- 24-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Өтүнмө электрондук форматта берилген учурда, өтүнмө ээсине электрондук кабарлама менен билдирилет.»;

- 25-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«25. Алдын ала экспертиза.

1) Алдын ала экспертиза жүргүзүүнүн мөөнөтү.

Өтүнмө берилген күндөн тартып бир айдын ичинде Кыргызпатентте өтүнмөгө алдын ала экспертиза жүргүзүлөт. .

2) Алдын ала экспертиза жүргүзүүнүн милдеттери.

Алдын ала экспертиза жүргүзүүнүн жүрүшүндө ушул Эреженин 7-11-пункттарында каралган өтүнмөнүн керектүү документтеринин курамы, аны тариздөөнүн тууралыгы, алымдын төлөнгөндүгү текшерилет. Бул текшерүүнүн натыйжасында өтүнмөнү кароого кабыл алуу же аны кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынат.

3) Алдын ала экспертиза жүргүзүүнүн мазмуну.

Алдын ала экспертиза жүргүзүүдө берилген материалдарда төмөнкү белгиленген талаптардын болушу жана шайкештиги текшерилет:

- товар чыгарылган жердин аталышын каттоо жана аларды пайдалануу укугун берүү жөнүндө арыз же товар чыгарылган жердин катталган аталышын пайдалануу укугун берүү жөнүндө арыз;

- өтүнмө ээсинин (ээлеринин) аталышын же аты-жөнүн жашаган/турган жеринин дарегин (даректерин) көрсөтүү;

- патенттик ишенимдүү өкүлдүн же башка өкүлдүн, андайлар бар болгондо аты-жөнү жана жашаган/турган жеринин дареги;

- билдирилген белгилери;

- товар чыгарылган жердин аталышын каттоо жана аны пайдалануу укугун берүү же чыгарылган жерин (географиялык объектинин чегин) көрсөтүү менен товар чыгарылган жердин катталган аталышын пайдалануу укугун берүү суралган товарларды көрсөтүү;

- товардын өзгөчө касиеттеринин сыпаттамасы;

- өтүнмө берүү, алдын ала экспертиза жүргүзүү жана билдирилген белгилерге экспертиза жүргүзүү үчүн алымдын төлөнгөндүгү жөнүндө документ;

- патенттик ишенимдүү өкүлгө, өтүнмө ээсинин өкүлүнө берилген ишеним кат;

- компетенттүү органдын (органдардын) өтүнмө ээсинин көрсөтүлгөн географиялык объектте жайгашкандыгы жана өзгөчө касиеттери ушул географиялык объект үчүн мүнөздүү болгон жаратылыш шарттары же адам факторлору же болбосо жаратылыш шарттары жана адам факторлору менен бир учурда аныкталган товарды чыгаргандыгы жөнүндө корутундусу(лары);

- товар чыгарылган өлкөдө бирдирилген товар чыгарылган жердин аталышына чет өлкөлүк өтүнмө ээсинин укугун ырастоочу документ;

- мамлекеттик же расмий тилде берилбеген өтүнмөгө тиркелген документтердин котормолору;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 «Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартибин, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартибин жана формасын бекитүү тууралуу» токтомуна ылайык өтүнмө ээсинин жеке маалыматтарын чогултууга, иштетүүгө, топтоого, сактоого жана жайылтууга жазуу жүзүндөгү макулдугу.

Алдын ала экспертиза жүргүзүүдө ушул пункттун үчүнчү-он төртүнчү абзацтарында көрсөтүлгөн маалыматтардын жана документтердин болушу текшерилет.

Өтүнмө берүү күнү ушул Эрежелердин 9-пунктунда көрсөтүлгөн документтердин келип түшкөн күнү боюнча, ал эми эгерде көрсөтүлгөн документтер бир убакта берилбесе, анда - берилген документтин акыркысы келип түшкөн күнү боюнча белгиленет.

Ушул пунктчанын он үчүнчү абзацында көрсөтүлгөн документтердин мамлекеттик же расмий тилге котормосун бергенге чейин тапшырылган документтер келип түшкөн жок деп эсептелет.

Ушул пунктчанын бешинчи, он биринчи, он экинчи, он төртүнчү абзацтарында көрсөтүлгөн маалыматтардын жана/же документтердин өтүнмөнүн материалдарында жок болушу же алардын ушул Эрежелерде белгиленген талаптарга дал келбөөсү өтүнмөнү кароого кабыл алуу жана өтүнмөнүн берилген күнүн белгилөө жөнүндө чечим чыгаруу үчүн тоскоолдук болуп саналышы мүмкүн эмес.

Алдын ала экспертиза жүргүзүү этабында туура эмес тариздөө жана/же өтүнмөнүн материалдарында көрсөтүлгөн маалыматтардын жана/же документтердин жок болуу фактылары аныкталган учурда өтүнмө ээсине өтүнмөнү кароого кабыл алуу жөнүндө кабарлоодо аларды берүүнүн жана/же тактоонун, оңдоонун зарылдыгы жөнүндө билдирилет.

4) Кошумча материалдарды сурап алуу.

Эгерде алдын ала экспертиза жүргүзүү процессинде өтүнмө ушул Эрежелерде белгиленген талаптарды бузуу менен таризделгени белгиленсе, өтүнмө ээсине аныкталган бузууларды көрсөтүү жана аны жөнөткөн күндөн тартып эки айдын ичинде жетишпеген же оңдолгон маалыматтарды жана/же документтерди берүү сунушу менен сурам жиберилет.

Сурамдын негизи болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул пункттун 3-пунктчасынын үчүнчү, төртүнчү, алтынчы-тогузунчу абзацтарында көрсөтүлгөн маалыматтардын жана/же документтердин өтүнмөнүн материалдарында жок болушу;

- алымдын төлөнгөндүгү жөнүндө документте ыйгарым укуктуу уюмдун белгиленген эсебине алымдын төлөнгөндүгү тууралуу маалыматтын жоктугу;

- төлөнгөн алымдын суммасынын белгиленген өлчөмгө дал келбөөсү.

Эгерде өтүнмө ээси тарабынан берилген жооп суралган маалыматтарды жана/же документтерди толук өлчөмдө камтыбаса, ага сурам экинчи ирет жиберилиши мүмкүн.

Экспертизанын сурамына жооп берилбегенде, өтүнмө ээси тарабынан жооп берүүнүн белгиленген мөөнөтү бузулганда жана бул мөөнөттөрдө аны узартуу жөнүндө өтүнүч кат берилбегенде өтүнмө чакыртып алынды деп эсептелет жана бул тууралуу өтүнмө ээсине билдирилет.

5) Өтүнмөнү кароого кабыл алуу жөнүндө чечим.

Өтүнмөнүн материалдары ушул Эрежелерде белгиленген талаптарга шайкеш келгенде, ошондой эле өтүнмө ээси тарабынан суралган маалыматтар жана документтер өз убагында берилген учурларда өтүнмө берилген күндү көрсөтүү менен өтүнмөнү кароого кабыл алуу жөнүндө чечим чыгарылып, өтүнмө ээсине жиберилет.

Өтүнмөнү кароого кабыл алуу жөнүндө чечим менен өтүнмө ээси Мыйзамда жана ушул Эрежелерде каралган башка маалыматтарды жана/же документтерди берүүнүн зарылдыгы жөнүндө кабарланышы мүмкүн.

Алдын ала экспертиза жүргүзүүнүн оң натыйжалары жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин ведомствонун расмий сайтына жыйырма жумуш күндүн ичинде Кыргызпатент тарабынан белгиленген форма боюнча берилген өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар жарыяланат.

Өтүнмө жарыяланган күндөн тартып үч айдын ичинде кайсы болбосун кызыкдар жак жазуу жүзүндө жүйөлөштүрүлгөн каршы пикирин берүүгө укуктуу, ал каттоо же каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарууда экспертиза тарабынан каралат.

6) Өтүнмөнү кароого кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечим.

Эгерде экспертизанын сурамына өтүнмө ээсинин берген жообу өтүнмө боюнча суралган маалыматтарды жана/же документтерди камтыбаса, өтүнмөнү кароого кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат жана өтүнмө ээсине бул жөнүндө тиешелүү кабарлама жиберилет.

Өтүнмөнү кароого кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө кабарламада чыгарылган чечим боюнча негиздер келтирилет. Мындай негиздер болуп төмөнкүлөр саналат:

- арызда өтүнмө ээсинин көрсөтмөсүнүн жоктугу;

- арызда өтүнмө ээсинин көрсөтмөсүнүн ушул Эрежелерде белгиленген талаптарга шайкеш келбөөсү;

- өтүнмөдө товар чыгарылган жердин аталышы катары каттоо үчүн арналган жана/же товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун берүү суралган белгилердин жоктугу;

- өтүнмөдө каттоо жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун берүү же товар чыгарылган жердин катталган аталышын пайдалануу укугун берүү суралган товар көрсөтүлбөсө;

- өтүнмөдө товар чыгарылган жер көрсөтүлбөсө (географиялык объектинин чеги);

- өтүнмөдө товардын өзгөчө касиеттеринин сыпаттамасынын жоктугу.»;

- 26-пунктта:

1-пунктчанын биринчи абзацындагы «Мыйзамдын 27-беренеси» деген сөздөр «өтүнмө берген күндөн тартып алты ай өткөнгө чейин Мыйзамдын 34-беренесинин 2-бөлүгү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-пунктчада:

төртүнчү абзацтагы «Мыйзамдын 27-беренесинде» деген сөздөр «Мыйзамдын 34-беренесинин 2-бөлүгүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

алтынчы абзацтагы «Кыргыз Республикасынын Товарлар чыгарылган жерлеринин мамлекеттик реестринде (мындан ары - Реестр)» деген сөздөр «Реестрде» деген сөзгө алмаштырылсын;

3-пунктчанын экинчи абзацындагы «Мыйзамдын 27-беренесинде» деген сөздөр «Мыйзамдын 34-беренесинин 2-бөлүгүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

5-пунктчанын төртүнчү абзацындагы «1 жана 2-тиркемелердин» деген сөздөр алып салынсын;

6-пунктчанын экинчи, үчүнчү абзацтарындагы «Мыйзамдын 27-беренесинде» деген сөздөр «Мыйзамдын 34-беренесинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7-пунктчада:

экинчи абзацтагы «Мыйзамдын 27-беренеси» деген сөздөр «Мыйзамдын 34-беренеси» деген сөздөргө алмаштырылсын;

үчүнчү абзацтагы «Мыйзамдын 28-беренесинин төртүнчү бөлүгү жана 27-беренеси» деген сөздөр «Мыйзамдын 34-беренеси жана 35-беренесинин 6-бөлүгү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 27-пункттун 1-пунктчасынын экинчи абзацындагы «өтүнмө ээси сурам алган» деген сөздөр «өтүнмө ээсине сурам жиберилген» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы 4-глава менен толукталсын:

«4. Өтүнмөлөрдү өзгөртүп түзүү

29. Товар чыгарылган жердин аталышы жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого өтүнмө тиешелүү түрдө географиялык көрсөтмөгө жана географиялык көрсөтмөнү каттоого өтүнмөгө жана тескерисинче ушул Эрежелердин талаптарын сактаган шартта өзгөртүп түзүлүшү мүмкүн.

30. Ушундай өзгөртүп түзүүнүн тартиби Кыргызпатент тарабынан белгиленет.».

**3.** Каттоого өтүнмө берилген товардык белгинин Кыргыз Республикасында катталган фирмалык аталыштарга окшоштугу же чаташтыруу даражасына чейин окшоштугу жөнүндө маселени чечүүдө Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) жана ЖМКнын электрондук маалыматтар базасы оптималдаштырылганга чейин Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Фирмалык аталыштарынын мамлекеттик реестри колдонулат деп белгиленсин.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-январы, №18***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЮРИДИКАЛЫК ЖАНА ЖЕКЕ РЕЗИДЕНТ ЭМЕС ЖАКТАРДЫН БАНК ЭСЕПТЕРИН АЧУУ ЖАНА ТӨЛӨӨ БОЮНЧА ПИЛОТТУК ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында юридикалык жана жеке резидент эмес жактардын Кыргыз Республикасында филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн ачпастан банк эсептерин ачуунун жана төлөөнүн моделин апробациялоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасында юридикалык жана жеке резидент эмес жактардын банк эсептерин ачуу жана төлөө боюнча пилоттук долбоор 2024-жылдын 1-февралынан тартып 31-июлуна чейинки мезгилде жүргүзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасында юридикалык жана жеке резидент эмес жактардын банк эсептерин ачуу жана төлөө жөнүндө убактылуу жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** «Евразиялык Сактык Банкы» ачык акционердик коому (мындан ары - «Евразиялык Сактык Банкы» ААК) жана «Керемет Банк» ачык акционердик коому (мындан ары - «Керемет Банк» ААК) пилоттук долбоорду ишке ашыруучу финансы-кредиттик уюмдар катары аныкталсын.

**4.** «Евразиялык Сактык Банкы» ААКка жана «Керемет Банк» ААКка төмөнкүлөр сунушталсын:

1) Кыргыз Республикасында юридикалык жана жеке резидент эмес жактардын банк эсептерин ачуу жана төлөө боюнча пилоттук долбоорду ишке ашыруу;

2) Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк юридикалык жактардын банк эсептерин ачуунун жана төлөөнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө корутундуну андан ары киргизүү менен өткөрүлгөн пилоттук долбоордун жыйынтыктары боюнча талдоо жүргүзүү;

3) юридикалык жана жеке резидент эмес жактар менен иштөөдө террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү тобокелдиктерине баалоо жүргүзүү.

**5.** Ушул пилоттук долбоордун алкагында Кыргыз Республикасында юридикалык жана жеке резидент эмес жактардын банк эсептерин ачуу жана төлөө Кыргыз Республикасынын аймагында болбогон жана иш жүргүзбөгөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык жакты, филиалды же өкүлчүлүктү түзүүнү пландабаган юридикалык жактарга карата гана жол берилет деп белгиленсин.

**6.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (макулдашуу боюнча) жана кызыкдар мамлекеттик органдар менен биргеликте пилоттук долбоор ийгиликтүү ишке ашырылган учурда зарылдыгына жараша Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды киргизсин.

**7.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**8.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына (макулдашуу боюнча) жүктөлсүн.

**9.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-январы, №16***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2021-ЖЫЛДЫН 20-ЯНВАРЫНДАГЫ №19 "АШЫКЧА БАСЫМДА ИШТЕГЕН ЖАБДУУ ПАЙДАЛАНЫЛГАН КООПТУУ ӨНДҮРҮШТҮК ОБЪЕКТТЕРДИН ӨНӨР ЖАЙЛЫК КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 20-январындагы №19 "Ашыкча басымда иштеген жабдуу пайдаланылган кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздук эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ашыкча басымда иштеген жабдуу пайдаланылган кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздук эрежелеринде:

- 3-пункттун биринчи абзацында "өнөр жай коопсуздугун", "жана экспертизалоо" деген сөздөр алып салынсын;

- 9-пункттун жетинчи абзацында "өнөр жай коопсуздугунун экспертизасын өткөрүүнүн алкагында" деген сөздөр алып салынсын;

- 205-пункттун экинчи абзацында "баштапкы техникалык күбөлөндүрүүнү жүргүзүүчү уюмдарды, өнөр жай коопсуздугун экспертизалоону" деген сөздөр "баштапкы техникалык күбөлөндүрүүнү жүргүзүүчү уюмду" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 214-пункттун 3-пунктчасынын төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- техникалык күбөлөндүрүүнү жүргүзүү күнү жана кийинки техникалык күбөлөндүрүүнүн мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтар";

- 216-пункттун 13-пунктчасында "жана өнөр жай коопсуздугуна экспертиза" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-январы, №23***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 28-ИЮЛУНДАГЫ №395 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН "САЛЫК ТӨЛӨӨЧҮНҮН КАБИНЕТИ" МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАСЫ АРКЫЛУУ ЖЕР КАЗЫНАСЫН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРДЫН ОТЧЕТТОРУН ЭЛЕКТРОНДУК ТҮРДӨ КАБЫЛ АЛУУ БОЮНЧА ПИЛОТТУК ДОЛБООРДУ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-июлундагы №395 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын "Салык төлөөчүнүн кабинети" маалыматтык системасы аркылуу жер казынасын пайдалануучулардын отчетторун электрондук түрдө кабыл алуу боюнча пилоттук долбоорду өткөрүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 6, 7-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. Пилоттук долбоорду өткөрүү мөөнөтү 2024-жылдын 1-октябрына чейин белгиленсин.

7. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги өткөрүлгөн пилоттук долбоордун жыйынтыгынын негизинде 2024-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөттө сунуштарды жана Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине белгиленген тартипте киргизсин.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-январы, №25***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2019-ЖЫЛДЫН 19-ИЮНУНДАГЫ №298 "СУЮЛТУЛГАН КӨМҮР СУУТЕК ГАЗДАРЫН ПАЙДАЛАНУУЧУ ОБЪЕКТТЕР ҮЧҮН КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 10-январындагы №2 "Кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү туралуу" Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинета жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июнундагы №298 "Суюлтулган көмүр суутек газдарын пайдалануучу объекттер үчүн коопсуздук эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Суюлтулган көмүр-суутек газдарды пайдалануучу объекттер үчүн коопсуздук эрежелеринде:

- 3, 388-пункттарда "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" деген сөздөр "Өрт коопсуздугу жөнүндө" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 11-пункта ", өнөр жай коопсуздугун экспертизалоо боюнча" деген сөздөр алып салынсын;

- 16-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

- 42-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"42. Кооптуу өндүрүштүк объекттерди курууну, эксплуатациялоону, кеңейтүүнү, реконструкциялоону, техникалык кайра жабдууну, консервациялоону жана жоюуну баштоо жөнүндө чечимди кабыл алуунун милдеттүү шарты болуп долбоордук документтердин өнөр жай коопсуздугуна экспертиза жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча оң корутундунун болушу эсептелет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-январы, №24***

## МАМЛЕКЕТТИК БААЛУУ КАГАЗДАРДЫ ЧЫГАРУУ ЖОЛУ МЕНЕН КУРУЛУШ, КАПИТАЛДЫК ОҢДОО, РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ОБЪЕКТТЕРИН КАРЖЫЛОО ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН КРЕДИТОРДУК КАРЫЗДАРЫН ТӨЛӨӨ МЕХАНИЗМДЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун андан ары өнүктүрүү, ошондой эле курулуш, капиталдык оңдоо, реконструкциялоо объекттерин каржылоо жана мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө механизмдерин өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 58-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Мамлекеттик казыналык облигацияларды чыгаруу жолу менен курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкциялоо объекттерин каржылоо тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жолу менен мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө тартиби жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык;

3) Казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жана төлөө тартиби жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык;

4) Казыналык милдеттенмелерди каттоо жана эсепке алуу мамлекеттик китеби жөнүндө жобо 4-тиркемеге ылайык.

**2.** Мамлекеттик органдардын жетекчилери кредитордук карыздар жөнүндө, ошондой эле курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкциялоо объекттери жөнүндө маалыматтарды берүүдө маалыматтардын аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат деп белгиленсин.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы №616 "Казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жолу менен мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө жана курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкциялоо объекттерин каржылоо боюнча чаралар жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 2-майындагы №237 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы №616 "Казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жолу менен мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө жан курулуш объекттерин каржылоо боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-октябрындагы №537 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы №616 "Казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жолу менен мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө жана курулуш объекггерин каржылоо боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №29***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# АДАМЗАТТЫ ДАРЫЛАГАН АДИС



Эр жигит үчүн эл кызматын аркалоо чоң жоопкерчилик эмеспи. Мына ушундай эл үчүн кызмат кылган биз сөз кыла турган каарманыбыз Кубатбеков Эмилбек Анарбекович, дээрлик чейрек кылымдан ашык мезгилден бери Жалал-Абад облусуна караштуу шарты эң татаал Чаткал районундагы ветеринардык башкармалыгында үзүрлүү эмгектенип келе жатат. – “Медицина – адамдарды, ал эми ветеринария – адамзатты дарылайт”,- деген акылмандардын сөзү бар. "Өмүрүмдү эл үчүн жоопкерчиликтүү кызмат кылууга арнаганыма сыймыктанам. Мен бул кесип аркылуу өзүмдү таптым, өз өмүрүмдө аздыр-көптүр из калтырдым" – дейт, каарманыбыз биз менен болгон маегинде.

Кубатбеков Эмилбек Анарбекович 1964-жылы 20-сентябрда алыскы Чаткал районунда туулган. Ал эмгек жолун 1981-жылы Чаткал районунун “Каныш-Кыя” совхозунда жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. Бала чагынан мал чарбасына жакын болгондуктан келечекте мал чарба адиси болууну эңсеген Эмилбек, совхоздо 6 жыл иштегенден кийин, 1992-жылы Фрунзе шаарындагы К.И.Скрябин атындагы "Ардак Белгиси" ордендүү Кыргыз айыл чарба институтуна кирип, "Ветеринардык врач" адистиги боюнча жогорку билимге ээ болору менен эмгек жолун киндик кан тамган алыскы Чаткал районундагы ветеринардык инспекциясында жөнөкөй ветеринардык врач болуп иштөө менен баштап, бүгүнкү күнгө дейре ошол эле өзү эмгек жолун баштаган райондук ветеринардык башкармалыгында үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Анын эмгек жолуна баам сала турган болсок, каарманыбыз өзү иштеген жылдары бир катар тепкичтерди басып өттү. Алгач Чаткал райондук ветеринардык башкармалыгынын ветеринардык врачы, жетектөөчү адиси, башкы адиси, азыркы учурда башкы инспектору кызматында эмгектенип, райондун социалдык-экономикалык жактан өсүшүнө, айрыкча мал чарбачылыгынын өнүгүшүнө өзүнүн зор салымын кошуп келди десек жаңылышпайбыз. Анын мал чарба тармагына 30 жылдан ашуун өмүрүн арнаганын айтууга оңой болгону менен бул жылдар аралыгында ал өзүн сабаттуу, тажрыйбалуу, коммуникабелдүү жана жогорку квалификациялуу мыкты ветеринардык кызматкер катары көрсөттү. Эмилбек өзүнүн терең кесиптик билими, турмуштук тажрыйбасы менен күчтүү уюштурууучулук жөндөмгө ээ. Мал чарбасы тармагында чоң тажрыйбасы бар, жаш адистердин насаатчысы. Кесиптештер арасында кадыр-баркка жана сый урматка ээ" дешет каарманыбыз тууралуу анын эмгек жамааты.

Эмилбек Кубатбековдун мал чарба тармагында үзүрлүү иштегендиги бааланып райондук, облустук жетекчилик тарабынан көптөгөн сыйлыктарга ээ болду. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги бааланып "КРнын ветеринардык кызматынын мыктысы" деген төш белгиси менен да сыйланган. Жеке жашоосунда Эмилбек ага бактылуу ата. Өмүрлүк убайы Чоюнова Айнура Макеновна менен баш кошуп, экөө эки кыз, эки уулду татыктуу тарбиялап өстүрүштү. Уул-кыздары борбор калаадагы жогорку окуу жайларында билим алып жатышат. Каарманыбыздын мына ушундай элге кызмат кылган үзүрлүү эмгеги, келечекте өсүп келе жаткан жаш муундарга үлгү болору шексиз.

**Орункул САТЫКУЛОВ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 7-МАЙЫНДАГЫ №134 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 7-майындагы №134 “Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жөнүндө жободо:

- төмөнкүдөй мазмундагы $36^1$-пункт менен толукталсын:

“$36^1$. Президенттин Администрациясынын кызматкерлерине (Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Президенттин Администрациясынын Жетекчисин, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарларын, Президенттин кеңешчилерин жана жардамчыларын, Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Президенттин Администрациясынын Жетекчисинин, Мамлекеттик катчынын жана Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарларынын кеңешчилерин жана жардамчыларын кошпогондо) төмөнкүдөй квалификациялык талаптар коюлат:

- жогорку билими;
- мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы стажы жалпысынан 7 жылдан кем эмес, анын ичинде жетекчилик кызмат орундарында 3 жылдан кем эмес, же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 7 жылдан кем эмес иш стажы;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган көлөмдө мамлекеттик тилди билүүсү.

Президенттин Администрациясынын тышкы саясат маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмүнүн кызматкерлерине Бириккен Улуттар Уюмунун расмий тилдеринин бирин (орус тилине кошумча) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон деңгээлде билүү жана/же протоколдук кызматтагы иш тажрыйбасы жөнүндө кошумча квалификациялык талаптар коюлат.

Бириккен Улуттар Уюмунун расмий тилдеринин бирин кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон билүү деңгээли орточо деңгээлден төмөн болбошу керек.

Тилди билүүсүн ырастоо катары жалпы таанылган сертификаттар (TOEFL, IELTS жана башкалар), тилди билүү деңгээлин белгилөө менен окуу курстарын ийгиликтүү аяктагандыгы жөнүндө сертификаттар, окутуу тиешелүү тилде жүргүзүлгөн жогорку окуу жайларын аяктагандыгы жөнүндө дипломдор кабыл алынат.

Кызматтык зарылчылык болгон учурда Президент жана Президенттин Администрациясынын Жетекчиси ушул пунктта белгиленген квалификациялык талаптарды эске албастан, иштин башка чөйрөлөрүндө олуттуу көрсөткүчтөргө жетишкен адамдарды Президенттин Администрациясынын кызматкерлеринин кызмат орундарына дайындоого укуктуу.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Президенттин Администрациясынын Жетекчисинин, Мамлекеттик катчынын жана Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарларынын кеңешчилерине жана жардамчыларына квалификациялык талаптар “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык белгиленет.”.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, ПЖ №8***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 13-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 28-берененин 2-бөлүгү «уурдоо (205-берене),» деген сөздөрдөн кийин «мал уурдоо ($205^1$-берененин 2, 3 жана 4-бөлүктөрү),» деген сөздөр менен толукталсын;

2) 28-глава төмөнкүдөй мазмундагы $205^1$-берене менен толукталсын:

«$205^1$-берене. Мал уурдоо

1. Мал уурдоо, башкача айтканда олуттуу эмес өлчөмдө бирөөнүн малын жашыруун уурдоо, -

жүз сааттан жүз сексен саатка чейин коомдук иштерге же эки айдан алты айга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же болбосо 200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейинки өлчөмдө айып салууга же алты айдан эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Олуттуу өлчөмдө жасалган мал уурдоо, -

эки айдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же болбосо 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейинки өлчөмдө айып салууга же үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Мал уурдоо:

1) ири өлчөмдө;

2) адамдардын тобу тарабынан;

3) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;

4) турак жайдын, ишкананын, уюмдун, мекеменин короосуна же малканага, мал кармалган тосмого кирүү менен жасалганда, -

мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

4. Мал уурдоо:

1) өзгөчө ири өлчөмдө;

2) уюшкан топ тарабынан;

3) кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалганда, -

мүлкүн конфискациялоо менен сегиз жылдан он эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Эскертүү**. Ушул беренеде мал деп, майда жандык, бодо мал, жылкы, эшек жана качыр, төө, чочко түшүнүлөт.».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-январы, №27***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В УГОЛОВНЫЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 13 декабря 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Уголовный кодекс Кыргызской Республики (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) часть 2 статьи 28 после слов «кражу (статья 205),» дополнить словами «скотокрадство (части 2, 3 и 4 статьи $205^1$),»;

2) главу 28 дополнить статьей $205^1$ следующего содержания:

«Статья $205^1$. Скотокрадство

1. Скотокрадство, то есть тайное хищение чужого скота, совершенное в незначительном размере, -

наказывается общественными работами от ста до ста восьмидесяти часов или исправительными работами на срок от двух до шести месяцев либо штрафом в размере от 200 до 500 расчетных показателей, или лишением свободы на срок от шести месяцев до двух лет.

2. Скотокрадство, совершенное в значительном размере, -

наказывается исправительными работами на срок от двух месяцев до трех лет либо штрафом в размере от 1000 до 2000 расчетных показателей или лишением свободы на срок от трех до пяти лет.

3. Скотокрадство, совершенное:

1) в крупном размере;

2) группой лиц;

3) группой лиц по предварительному сговору;

4) с проникновением во двор жилого помещения, предприятия, организации, учреждения или скотного двора, загона, -

наказывается лишением свободы на срок от пяти до восьми лет с конфискацией имущества.

4. Скотокрадство, совершенное:

1) в особо крупном размере;

2) организованной группой;

3) в составе преступного сообщества, -

наказывается лишением свободы на срок от восьми до двенадцати лет с конфискацией имущества.

**Примечание**. Под скотом в настоящей статье понимаются мелкий рогатый скот, крупный рогатый скот, лошади, ослы и мулы, верблюды, свиньи.».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 25 января 2024 года, №27***

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КЫЗДЫН КЫРК ЧАЧЫ УЛУУ

www.erkin-too.kg

# ЖЕҢИЛ ИШИН ЖАШЫРАМ ДЕП ООР КЫЛМЫШКА БАРГАНДАР



